## Усулдук бирикмелердин ишмердүүлүгү

Мектепте 5усулдук бирикме иштейт. Усулдук иштер атайын "Усулдук кеңеш жөнүндө" жана усулдук бирикмелер жонүндо жобонун негизинде жургузүлөт.

| № | Мугалимдин аты-жөнү | Предмети | Усулдук бирикме | Муг саны |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Арзыбаева Жаркынай | Орус тили ,Четтили | Тилдер секциясы | 3 |
| 2 | Тойонова Лира | Математика.физика, химия, биология | Так илимдер илимдер | 6 |
| 3 | Абдырахманова Гулнара | Башталгыч класстар,даярдоо классы | Башталгыч класстар | 9 |
| 4 | Ырысбек кызы Шайыргул | Технология , дене тарбия АЧД.Тарых | Табыгый илимдер | 2 |
| 5 | Калчакеев Нурбек | Кыргыз тил | Коомдук илимдер | 2 |

Жогорудагы усулдук бирикмелер ар турдүү практикалык, методикалык инновацияларды пайдалануу менен иш алып барышат. Ар бир усулдук бирикменин иш пландары тузулүп, төмөнкүдөй багыттарда иш алып барылат:

1. Мамлекеттик стандартты аткаруу.
2. Предмет боюнча жаңылануу.
3. Олимпиадалык топтор менен иш жүргүзүү.
4. Квалификацияны көтөрүү.
5. Конкурстарга катышуу.
6. Мектеп документтеринин ишин алып баруу.
7. Сабактарда инновациялык усулдарды колдонуу.
8. Өз ара усул алмашуу.
9. Жаш мугалимдер менен иш алып баруу ж.б.

Мектеп өзүнүн окутуу, тарбиялоо ишмердүүлүгун өзүнүн уставындагы талаптаргаылайыкталып түзулгөн жылдык пландардын негизинде жүргүзөт.

Жылдык план төмөнкү бөлүмдөрду камтыйт.

1. Өткөн окуу жылындагы окуу-тарбия иштерине анализ жана учурдагы окуужылынын милдеттери:
2. Окуу-тарбия иштерин уюштуруу
3. Окуу-тарбия иштерине көзөмөл жана жетектөө
4. Тарбия иштерин уюштуруу
5. Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо.
6. Класстан тышкаркы иштер.
7. Спорт жаатында.(спорттук беттешүүлөр

Окуу жылынын аягында жыл сайын, Мыкты иштеген мугалимдер, окууда ийгиликтерге жетишкен окуучулар, айыл өкмөтү тарабынан "Ардак грамоталар", акчалай сыйлыктар мененсыйланышат.

Мектептин иштерин жөнгө салууга багытталган методикалык иштер мектеп

жетекчилиги тарабынан уюштурулат. Жаңы окуу программаларын үйрөнүү үчүн мугалимдер өзбилимин оркүндөтүү боюнча курстарга, семинарларга катышышат.

Мектепте окутуунун интерактивдүү усулдарын, тестирлөө ыкмалары, билимди текшерүүнүн баллдык системасы жонүндо мугалимдер арасында семинарлар өткөрүлүп, озпрактикаларында колдонуп келишүүдө.

Ар бир предметтен жумалыктар, ачык сааттар, класстан тышкаркы иштер жыл ичиндепландаштырылып өтүлөт.

Жаш мугалимдер менен иштөө колго алынып, тажрыйбалуу мугалимдер Абдырахманова Гулнара , Тойонова Лира , Мурзакулов Абдумалик , Мамасалиева Минажат , Ырысбек кызы Шайыргул ,Нурманбетов Зарылбек насаатчылык иштерди жургузүп, жаш мугалимдерге жакындан усулдук жардамдарды көрсөтүшөт. Математика мугалими Тойонова Лиранын район аралык иш тажрыйбасы жайылтылган.

Райондук денгээлде уюштурулган кароо сынактарга үзгүлтүксүз катышып келебиз.Окуучулар байгелүүү орундарды багындырып келишет .

2019-2020-окуу жылында пандемия учурунда аралыктан окутууга байланыштуу мугалимдер тарабынан 125 видео сабактар жасалды. Министерство тарабынан тузүлгөн жадыбалдын негизинде Баластан каналындагы теле сабактарды кошумча пайдалануу менен узгултуксуз сабактар өтүлүп жатты. Баардык иш кагаздар тиркелип архивге өткөрүлүп берилди .

2021-2022-окуу жылында География мугалими Пусурова Гульнара Капарбековна "Мыкты кабинет "конкурсуна катышып аймактык турдан 1-орунду ээлеп ,райондук турга катышууга жолдомо алды .Райондук турдан 1-орунду багындырып байгелүү орунга жетишти .Атайын сертификат диплом менен жана дагы 15мин сомдук шкаф менен сыйланды.

2022-2023-окуу жылын ноябрь айында Пусурова Гульнара Капарбековна Базар-Коргон Райондук билим берүү бөлүмүндөгү география жана биология мугалимдерин окутууда кошкон салымы үчүн Бишкек шаарында өтүлгөн Cemp Ала-Тоо жана Jiz коомдук уюмдары тарабынан уюштурулган Республикалык Фестивалга катышып Республиканын ардак громатасы жана планшет менен сыйланды.

Окуу китептери менен окуучулар толук камсыздалган ,айрым жетишпеген китептерди ата энелер тарабынан алып берип, ар дайым колдоо көрсөтүп келишет. Окуу керемет долбоору менен иштешип келебиз.Мугалимдер Адабий окуу жана математика сабактарында стратегияларды колдонуу менен иш алып барып, окуучулардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн турмуштук кырдаалдар менен бирге байланыштырып билим берип беришет.Семинар трениге катышып оз билимин келишет . Жаш жеткинчектерди сабакка, көркөм китептерди окууга кызыктыруу, ата-эне менен мектептин байланышын күчөтүү максатында Кыргыз тили жана

адабияты мугалимдери тарабынан тынымсыз иштер жүргүзүлөт. Башталгыч класс мугалимдери ата-энелердин катышуусу менен “Бирге окуйбуз” сынактарын өткөрүшүп жатышат.Ошондой эле “Энелер мектебин” жандандырып, класс жетекчилер ата-энелер менен тынымсыз иш алып барышууда. Мектепте инновациялык “Сынчыл ойлом стратегиясы”, “Мээге чабуул”, “Класстер стратегиясы”, “Венндин диаграммасы” усулдарын пайдалануу менен сабак өтүшөт.

Мектепте окуучулардын дүйнөгө болгон көз карашын калыптандыруу, көркөм чыгармачылыктарын өнүктүрүү, эмгекке тарбиялоо, ден соолуктарын чыңдоо максатында ийримдер иштейт.

Окуучулардын ден соолугун чыңдоо, сергектикке тарбиялоодо футбол, волейбол оюндары боюнча жаш спортчу ийрими иштейт

Алдосов Жоомарт Калбаевич жетектейт. Окуучулар арасында мелдештерде райондук, областтык денгээлдерде байгелүү орундарды камсыз кылып келишет .

2019-2020-окуу жылында 23-февраль”Мекенди коргоо “кунуно карата өткөрүлгөн иш чарада Областтык сынакта “АК ИЛБИРС “командасы 3-орунду багындырып түстүү сын алгы менен сыйланды.

Областтык балдар чыгармачылык борборуна караштуу “Жаш Архимед “ ийримин жетекчиси Тойонова Лира “Жаш Эко гоеграф” ийримин жетекчиси Пусурова Гульнара биздин мектептен окуучулар айлана-чөйрөнү жакындан таанып билүү максатында , математикалык ойлоп табуучулук жөндөмдөрүн артыруу жана турдүү эмгектерди жасоодо окуучулардын чыгармагылыгын өркүндөтүп келишет Областтык денгээлде кароо сынактарга катышып диплом .громмата кызыктыруучу сыйлыктарды алып келишет. Балдардын кругозорун өстүрүүдө чон көмөк көрсөтүп келишет.